«БЕКИТЕМИН»
«М.Рыскулбеков ат. Кыргыз экономикалык университети» Илимий изилдөө университетине караштуу Экономика илимий изилдөө институтунун директору
э.и.д., профессор Б.И.Баетов
_______________ 2024-ж.

# ПРОТОКОЛ № 02-3-03

**«М.Рыскулбеков атындагы Кыргыз экономикалык университети» Илимий изилдөө университетине караштуу Экономика илимий изилдөө институтунун бөлүмдөрүнүн кеңейтилген отуруму**

Бишкек ш. 12.07.2024-ж.

**Төрага** – э.и.д., проф. Аймактык изилдөөлөр бөлүмүнүн (АИБ) б.и.к. К.А.Атышев
**Катчы –** Экономика тармактары бөлүмүнүн (ЭТБ) б.и.к. З.Р.Ризаева

**Катышкан комиссия мүчөлөрү**: А.К.Долотбакова - э.и.к. (08.00.05), доцент, Аймактык изилдөөлөр бөлүмүнүн башчысы; А.А.Орозонова - э.и.к. (08.00.10), доцент, Тышкы экономикалык ишмердүүлүк бөлүмүнүн башчысы (ТЭИБ); А.С. Джаманкулов - э.и.к. (08.00.04), Экономика тармактары бөлүмүнүн башчысы; Ж.Ж. Жумабаев - э.и.д. (08.00.05), проф., ЭТБ б.и.к.; Г.Д. Жапаров - э.и.д. (08.00.10), проф., ЭТБ ж.и.к.; А.М. Исмаилахунова АИБ ж.и.к., э.и.к.(08.00.05), доцент; М.М. Усупов ЭТБ ж.и.к.; Т.Ш Джунушалиев ЭТБ б.и.к.; Б.А. Молорова ж.и.к. АИБ, М.А. Чолпонкулов ЭТБ ж.и.к., А.А. Султангазиева ТЭИБ ж.и.к.

## КҮН ТАРТИБИ:

Дж.Алышбаев атындагы Экономика институтунун аспиранты Ш.А.Жамаловдун **«Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн уюштуруу — экономикалык механизмин өркүндөтүү»** темасында, 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу адистиги боюнча, экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн сунушталган ишин талкулоо.

**Илимий жетекчиси:** э.и.д., профессор К.Ж.Джумабаев

**Төрага, К.А.Атышов:** Урматтуу кесиптештер! Бүгүн биз бөлүмдөрдүн кеңейтилген жыйынын өткөрүп жатабыз. Бул жыйында, КР УИА Дж.Алышбаев атындагы Экономика институтунун аспиранты Жамалов Шүкүрали Абдыкаровичтин «Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн

уюштуруу — экономикалык механизмин өркүндөтүү» темасында, 08.00.05 - экономика жана эл чарбасын башкаруу боюнча, экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясын талкулоого чогулуп жатабыз.

Сиздердин макулдугуңуздар менен бугунку отурумду ачып, Жамалов Шүкүргө сөздү берейин. Ал өзүнүн диссертациялық ишинин мазмунун, максаттарын, милдеттерин жана көйгөйлөрун кыскача баяндап берсин. Сизди 15-20 мүнөт аралыгында илимий ишиңизди баяндап берүүнү өтүнөбүз.

**Ш.А.Жамалов:**

Урматтуу төрага, комиссия мүчөлөрү жана жыйындын катышуучулары! Сиздерге «Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн уюштуруу — экономикалык механизмин өркүндөтүү» темадагы диссертациялық ишимди сунуштоого уруксат бериңиздер.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу:** Рынок маалында тышкы соода-экономикалык байланыштардын өсүшү, бажы көзөмөлүн талаптагыдай уюштуруу жана колдоо мамлекетибиздин орчундуу маселелеринин бири болуп калды. Себеби, тышкы экономикалык соодадан түшкөн кирешелердин көлөмүн көбөйтүп, мамлекеттик бюджетти толуктоодо, калкыбыздын социалдык-экономикалык абалынын багыттарын жакшыртуу боюнча так аныктоо теориялык жактан гана эмес, практикалык жактан дагы өтө зарыл болуп турат. Учурда тилекке каршы, бул маселе тиешелүү деңгээлде изилденген эмес. Теориялык жактан негиздөө максатында бажы көзөмөлүн уюштуруу жана экономикалык механизмдин өркүндөтүүнүн натыйжалуулугун көтөрүү боюнча практикалык сунуштардын зарылчылыгын илимий талдоо жүргүзүү, тиешелүү жыйынтык чыгаруу, диссертациялык иштин темасынын актуалдуу жана учурдагы талаптардын негизги маселеси экендигин аныкталды.

***Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.*** *Диссертациялык иштин* **максаты** – илимий-теоретикалык маселелерди изилдөө, бажы көзөмөлүн уюштуруу – экономикалык механизмин өркүндөтүүнүн маанисин, багыттарын иштеп чыгуу, анын натыйжалуулугун жогорулатуучу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

Коюлган максатка жетишүү үчүн төмөнкүдөй милдеттерди белгилейбиз:

• тышкы соода-экономикалык байланыштарды жана бажы көзөмөлүн жөнгө салуунун илимий теориялык аспектилерин талдоо;

• бажы кызматынын өнүгүү процессинде өтө маанилүү теориялык мааниси бар «кызмат көрсөтүү» категориясына илимий жана укуктук аныктама берүү, бажы көзөмөлүн уюштуруу жана экономикалык механизмдин өркүндөтүү боюнча, укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

• өлкөнүн тышкы экономикалык байланыштарынын калыптануу өзгөчөлүктөрүн, учурдагы абалын, өнүгүү тенденциясын, тышкы соода бажы жаатындагы байланыштардын өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу талдоо жана иликтөө жүргүзүү;

• Кыргыз Республикасында бажы кызматынын салык төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги бажы төлөмдөрүнүн кирешелерин божомолдоо;

• ведомстволор аралык «Жашыл дарбаза борборун» түзүүнүн багыттарын аныктоо жана бажы көзөмөлүн уюштуруу экономикалык механизмин өркүндөтүү боюнча улуттук программасын сунуштоону негиздөө.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын илимий жаңылыгы**:

• Тышкы соода-экономикалык байланыштарды жана бажы көзөмөлүн жөнгө салуунун илимий теориялык-методикалык аспектилери жана укуктук жоболору, бажы тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жалпыланды;

• Бажы кызматынын өнүгүү процессинде маанисинин теориялык негиздерин изилдөө аркылуу «кызмат көрсөтүү» категориясына илимий жана укуктук чечмелөө позициясы менен өзгөчө товар катары гана эмес, ошондой эле капиталдык пайданы же социалдык эффектти алып келүүчү кызмат деп белгиленди;

• КР бажы кызматынын төлөмдөрүнүн киреше бөлүгүн математикалык моделдөө ыкмасы менен келечектеги төлөмдөрдүн 2035-жылга чейинки өсүү мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү;

• 2035-жылга чейинки КР Финансы министрлигинин алдындагы Мамлекеттик бажы кызматын өнүктүрүүнүн Улуттук программасы сунушталды;

• «Жашыл дарбаза борбору» ведомстволор аралык бажы, салык, чек ара кызматы жана башка мамлекеттик органдар менен түзүлгөн борбору катары сунушталды.

Изилдөө көрсөткөндөй, тышкы экономикалык соода байланыштарын өнүктүрүүдөгү методикалык негиздердин бири болуп бажы көзөмөлүнүн натыйжалуулугун жогорулатуудагы процессти стимулдаштыруу үчүн кызматташууну кеңейтүү жана аларды ишке ашырууда Киото конвенциясы - бажы жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү жана шайкеш келтирүү боюнча эл аралык конвенция 1973-жылдын 18-майында Киото шаарында түзүлгөн. Документтин акыркы редакциясы 2006-жылдын 3-февралында күчүнө кирген[1]. Азыркы учурда Киото конвенциясы бажы тармагындагы дээрлик бардык маселелерди жөнгө салган универсалдуу кодификацияланган эл аралык укуктук документ болуп эсептелет. Конвенция, бир жагынан, бажылык жол-жоболоштуруу жана бажылык көзөмөлдөө жол-жоболорун жөнөкөйлөтүү жана тездетүү аркылуу тышкы соода ишмердигин стимулдаштырууга багытталган, ал эми экинчи жагынан, мындай тездетүү

---

[1] Киотская конвенция [Электронный ресурс] https://ru.wikipedia.org/wiki/- Загл. с экрана.

жана жөнөкөйлөтүү мамлекеттин жана коомдун (мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн толуктоо жана ички рынокту коргоо жагынан) кызыкчылыктарына зыян келтирбөөсүн камсыз кылууга багытталган.

Казакстан Республикасынын Бажы кызматы бизнести өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү ДСУга кирүү боюнча улуттук милдеттенмелерди аткаруу үчүн зарыл деп эсептейт. Россия Федерациясынын Федералдык Бажы кызматы экономиканы модернизациялоого жана экспорттук өндүрүштү көбөйтүүгө, инвестициялык жагымдуулукту жогорулатууга, ошондой эле федералдык бюджетте жалпы мамлекеттик колдоо үчүн тарифтердин жогорку деңгээлин камсыз кылууга жардам бере турган маалыматтык технологияларды жайылтуу багытында иштейт.

Ошол себептен, бажы көзөмөлүн уюштуруу – экономикалык механизмин өркүндөтүүдө теориялык-методикалык негиздерин толук кандуу изилдөө зарылдыгы чыгып турат. Бажы көзөмөлүн уюштуруу экономикалык механизмдерин өркүндөтүүдө колдонулган негизги концепцияларды жана сунуштарды чогултуу, тажрыйбада колдонууга дайыма актуалдуу болуп келе жатат.

**КОРУТУНДУ**

1. Мамлекеттик бажы кызматынын бажы көзөмөлүн уюштуруу – экономикалык механизмин өркүндөтүүдө анын ролун ачуучу теориялык жана укуктук жоболор, бажы тармагынын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында жалпы мамлекеттик органдар менен бажы кызматынын өз ара байланыштарын жөнгө салуу боюнча негизги багыттары негизделди.
2. Кыргыз Республикасынын 2014-жылдын 17-июлундагы № 139 «Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр» жөнүндөгү Мыйзамы (КР 2016-жылдын 21-октябры № 170, 2016-жылдын 20-июлундагы № 130, 2021-жылдын 23-мартындагы № 39, 2021-жылдын 13-сентябрындагы № 118, 2023-жылдын 9-мартындагы № 51, 2023-жылдын 7-августундагы № 165 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык) белгиленген «мамлекеттик кызмат көрсөтүү» категориясы төмөндөгүдөй толукталды: «мамлекеттик кызмат көрсөтүү» өзгөчө товар болуп саналбагандыктан буюм катары эсептелбейт, бирок ошол эле учурда капиталдык пайдаларды же социалдык эффектти алып келүүгө, же болбосо жарандык-укуктук мамилелердин натыйжасында пайда болуучу милдеттерди аткарууга багытталган мамлекеттик мекемелердин ишинин натыйжасы болгон өзгөчөлөнгөн категория катары каралат. Себеби «мамлекеттик кызмат көрсөтүү» категориясы экономика илиминде табиятынан пайда табууга жана социалдык эффект алууга умтулат.
3. Коррупциялык схемаларды, аткезчиликти жоюу жана алардын пайда болушуна бөгөт коюу, жана анын кесепеттерине каршы күрөшүүдө мамлекеттин ролун жогорулатуу үчүн Бажы кызматынын коррупция схемаларын жоюу максатында ведомстволор аралык «Жашыл дарбаза борбору» схемасы бул изилдөө ишимде баса белгиленди. Мамлекеттик

бажы кызматынын өнүктүрүү багыттарынан болуп, бажы системасын киреше салымдарын көбөйтүү, модернизациялоо, заманбап техникалар менен жабдуу, санариптештирүүнү илгерилетүү, бажы кызматында иштегендердин адистиктерин жогорулатуу, кардарларга кызмат көрсөтүүлөрүн ийкем кылуу, алардын маяналарын жана социалдык абалын жогорулатуу боюнча комплекстүү багыттарды камтыган «2025-2035 жылга чейинки Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын өнүктүрүү үчүн Улуттук программа» иштелип чыкты.

4. Мамлекеттик бажы кызматынын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу жана адистерди даярдоо үчүн «Кыргыз Мамлекеттик бажы академиясын» түзүүнү сунуштайбыз. Бул академия мамлекет тарабынан колдоого алынып, инвестицияланууу; киреше-чыгашаларын мамлекеттик көзөмөлдөө; профессордук-окутуучулук курамдын квалификациялык деңгээлине жана санына жогорку талаптарды белгилөө; окуунун күндүзгү, кечки жана сырттан окуу формалары үчүн, ошондой эле адистик боюнча дифференцияланган бир студентке эсептелген аянттын өлчөмү; окуу формалары жана адистиктер боюнча аудиториялык жана класстан тышкаркы окуу жүктөмүнүн сааттарынын саны; ар бир окуган предмет боюнча бир студентке окуу адабиятынын көлөмүн аныктаган маселелер камтылат.

Көңүл бурганыңыздарга чоң рахмат, суроолор болсо жооп берүүгө даярмын.

**Төрага:** Доклад аяктады. Илимий жетекчиси, экономикалык илимдердин доктору, профессор К. Джумабаевдин жазган пикир каты бар. К.Джумабаев, диссертациялык изилдөөнү коргоого сунуш кылат жана макулдук берет. Эми суроолорго өтсөк. Суроонуздар барбы?

**Комиссиянын мүчөлөрүнүн суроолору жана жооптору:**

**Суроо:** Доолотбакова Аида Кенешовна

1. Бажы кызматынын тарыхына кыскача токтоло кетсеңиз?

**Жооп:** Мамлекеттик бажы инспекциясы 1991-жылдын 31-декабрында «Мамлекеттик көз карандысыздык жөнүндөгү декларацияга», «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамына ылайык жана республиканын экономикалык кызыкчылыктарын коргоо жана бажы саясатын ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин №402 Жарлыгы менен түзүлгөн. Өзүнүн тарыхында бажы кызматы мамлекеттик бюджетти толтурууда чоң салым кошуп келет.

2. Сиз окутуу керек деп айттыңыз, бул эмне деген мааниде жана кайсы жерде окутуу болот?

**Жооп:** Бажы кызматы табиятынан уникалдуу, бир жагынан фискалдык жана кызмат көрсөтүү тапшырмаларын аткарса, экинчи жагынан укук коргоо жана чара көрүүчү орган болуп эсептелет. Учурда бажы кызматында 1134 бажы кызматкери эмгектенүүдө. Кадрлардын кесипкөйлүк профилдик адистиги менен 30% гана камсыздалган. Учурдун талабы бажы тармагындагы кесипкөй кадрларды окутуу зарылчылыгын белгилейт. Ошондуктан Бажы академиясын түзүүнү сунуштап жатабыз.

**Суроо:** Жапаров Гурас Дурболонович

1. Бажы, салык, бюджет боюнча Кыргыз Республикасындагы кайсы академиктердин жана докторлордун эмгектеринин негизинде иш жүргүздүңүз?

**Жооп:** Бажы, салык, бюджет боюнча кыргыз окумуштуулары буга чейин көптөгөн эмгектерди жазышкан. Атап айтканда, Жапаров Акылбек Усенбекович, Кожошев Арзыбек Орозбекович, Жапаров Гурас Дурболонович ж.б. Аты аталган агайлардын жана башка окумуштуулардын эмгектерине таянып иштедим.

2. Бажы посттору боюнча айтып кеттиңиз, кандай талаптар бар?

**Жооп:** Кыргыз Республикасы Евразиялык экономикалык бирлигине мүчө болгондуктан, үчүнчү өлкөлөр менен өз ара соода жүгүртүүдөгү жана ички рынокту коргоодо ЕАЭБтин талаптарына ылайык бажы постторун материалдык-техникалык мүмкүнчүлүктөр менен камсыздоо шарт. Замандын талабына ылайык, бажы постторун заманбап техникалар менен жабдуу зарыл.

**Суроо:** Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич

1. Бажы тармагындагы учурдагы башкаруу тутумунун кандай кемчиликтери бар? Уюштуруу механизми деген эмне, кыскартуу зарылчылыгы барбы?

**Жооп:** 2023-жылы мамлекет тарабынан Мамлекеттик бажы кызматына коюлган план тапшырма 103,6% аткарылып, мамлекеттик казынага 111 млрд 503 млн сом түшүрүлдү. Өсүү темпи 2022-жылга салыштырганда 150% түзүп, 37,2 млрд сомго көп акча каражаты жыйналды. Бул көрсөткүч бажы тармагынын азыркы башкаруу тутумунун туура уюштурулгандыгынын көрсөткүчү деп эсептейм.

**Төрага:** Тема аябай кызык экен. Дагы кимде кандай суроолор бар?

**Суроо:** Орозонова Азык Абдыкасымовна

1. Буга чейин өлкөнүн бажы кызматын жакшыртуу боюнча иш-чаралар болуп келген. Мисалга «Смарт бажы», «Санарип бажы» сыяктуу программалардын кандай кемчиликтери бар?

**Жооп:** «Смарт бажы» тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн катышуучуларынын, бажы жана мамлекеттик органдардын ортосундагы өз ара кызматташууну жакшыртуу максатында киргизилген. Бажы ишин тездетүү жана натыйжалуулугун жогорулатуу багытында иш алып барылат. Санарип технологиялар өнүккөн заманда мындай санарип платформаларды колдонуу зарыл. Өзүмдүн диссертациялык ишимде да санарипти колдонуу жана өркүндөтүү боюнча пикирлеримди билдиргем.

2. Сиздин маалыматыңыз 2022-жыл менен эле бүтүп калгандай.

**Жооп:** Туура, белгилединиз. Мен өзүмдүн темамды 2021-жылдын январь айында бекиткем. 3 жыл теманын үстүндө иштегенде Улуттук статистикалык комитеттин такталган гана маалыматтарын колдонуп диссертациялык ишти жаздым.

**Суроо:** Жумабаев Жамалгазы Жумабаевич

1. Бажы кызматын кыскартуу боюнча, Таласта, Ысык-Көлдө бажы постторунун эмне кереги бар?

**Жооп:** Кыргыз Республикасы Евразиялык экономикалык бирлигине мүчө болгондуктан, Талас жана Ысык-Көлдө бажы постторy жок. Бирок сиз айткан облустарда бажы кызматынын бөлүмдөрү бар. Негизинен Талас облусу фасоль өсүмдүгүн экспортко чыгаргандыктан, ошол жердеги дыйкан фермерлерге ыңгайлуу шарт түзүү максатында, ал эми Балыкчы шаарындагы бөлүмдө негизинен «Кумтор» ишканасы бажылык тариздөөлөрдү жүргүзөт.

**Суроо:** Доолотбакова Аида Кенешбековна

1. Эмне себептен ушул теманы тандап алдыңыз?

**Жооп:** Учурда тышкы соода экономикалык байланыштардын өсүшү, бажы көзөмөлүн талаптагыдай уюштуруу жана колдоо, экономикалык соодадан түшкөн кирешелердин көлөмүн көбөйтүү, мамлекеттин бюджетин толуктоо үчүн бул тема актуалдуу болуп калды. Бажы кызматынын орду жана калкыбыздын соңиалдык-экономикалык абалын жакшыртуудагы ролу чоң экендиги анык. Өзүм дагы бул тармакта 20 жылдан ашык эмгектенгендиктен, бул тармактын өнүгүүсүнө өзүмдүн тажрыйбамды жана алган билимимди жумшап, келечек муунга багыт берүү үчүн илимий жактан салым кошом деп максат койгом.

**Төрага:** Дагы кимде суроолор бар? Эгер суроолор жок болсо, анда эксперттердин пикирлерин уксак. Пикир айтууга 5-6 мүнөткө убакыт бөлөлү. Ким баштап берет? Анда Жапаров Гурас Дүрбөлөнович баштап берсин.

**э.и.д. Г.Д.Жапаров:** Рахмат, бүгүнкү отурумдун катышуучулары. Мен бул диссертациялык ишти карап чыктым. Өз көз карашымды айтып койсом. ЕАЭБ боюнча маалыматтарды көбүрөөк берип, ЕАЭБге киргенге чейинки көрсөткүчтөр жана киргенден кийинки көрсөткүчтөр кандай болду? Болжол менен айтканда бажы төлөмдөрүнүн көлөмү 40-45 млрд сом деп айтылып жатат. Ушунун көбөйтүүнүн болжолдоруна токтолуңуз иш абдан керектүү болот деп эсептейм. Негизи, диссертациялык иш толугу менен бүтүптүр жана Улуттук аттестациялык комиссиянын суроо-талаптарына жооп берет. Мындан ары жылдырууга макулдугумду берем.

**э.и.д. Ж.Ж.Жумабаев:** Илимий иштин баалулугун, кемчиликтерин жана иштей турчу жерлерин жазуу түрүндө бердим, кайрадан кайталабай эле коёюн. Бул тема уюштуруучулук-экономикалык механизм – 2 блоктон турат. Баарын камтыш кыйын. Экономикалык механизмдин өзүнүн техникалык шарттарын жакшыртуу, анын башкаруу тутумунун жакшыртуу, көзөмөлдөө персоналдардын эмгегин уюштуруу, аларга социалдык шарт түзүү - булардын баары каралышы зарыл. Албетте, бул иште коп суроолор каралган, бирок баардыгын кандидаттык иште камтуу мүмкүн эмес. Чындыгында, бул системага бардык кишилерди тарткaнбыз, тейлөө маданияты дагы керек, ошондуктан окутуу керек деп. Менин оюмча, Академия дегенден көрө жогорку окуу жайы десек жакшы болот. Бажы контролу деп турат, ошону көзөмөл деп оңдоп койгула. Ар бир бөлүм боюнча жыйынтык чыгарылышы керек. Корутунду конкреттүү жыйынтыктарды жана сунуштарды камтышы

керек. Жалпы алганда, ишти канааттандырарлык деп эсептейм жана колдойм. Изилдөөлөрүңүзгө ийгилик жана ыраатуулук каалайм.

**э.и.к. А.А.Орозонова:** Титулдук баракта «Алышбаев» деп жазылыптыр, алып салганды эске алып койсоңор. Автор, Шукурали Абдыкарович туура айтты, практик катары өзүңүз тажрыйбалуу экенсиз, бирок кээ бир жазылган аныктамалырыңыздын такыр практика менен байланышы жок экен. Негизи бажы тармагында зеркалдуу статистика көйгөйү бар: ЕАЭБ менен бир статистика, Кытай менен башка статистика ж.у.с. Сунуш катары, ЕАЭБдин алкагында салык чогултуу жана кыйыр салыктардын өсүшү байкалууда, бул көрсөткүчтөрдү ЕАЭБди биздин жетишкендик катары көрсөтсөңүздөр жакшы болот. ИДПнын көлөмүнүн өсүшү дагы азыркы өкмөт учурунда көбөйдү, бул дагы азыркы өкмөттүн жетишкендиги, жана бажы кызматынын салымы зөр. Бүгүнкү күндө канча бажы терминалдары бар, аларды көбөйтүү керекпи же азайтуу зарылбы, бул бажы кызматы менен тыгыз байланышта. конкреттүү жыйынтыктарды жана сунуштарды камтышы керек. Жалпыга алганда, мен бул ишти колдойм жана аны диссертациялык кеңеште коргоого сунуштоого болот деп эсептейм. Агай айткандай көп нерсе жасалыптыр, ийгилик каалайм.

**э.и.к. А.А.Доолотбакова:** Негизи Шукурали Абдыкаровичтин бул диссертациялык иши абдан актуалдуу. Бул тема менен иштегендер аз. Бул теманы изилдегениз үчүн рахмат. Иштин структурасы жана макалалары Улуттук аттестациялык комиссиянын талаптарына жооп берет. Мен дагы колдойм жана коргоого сунуштайм.

**э.и.д., профессор К.А.Атышев:** Тема өтө кеңири масштабдуу, биринчи жолу коргоого коюлууда. Жалпысынан алганда, автор актуалдуулукту терең негиздеди, бул жаңы багыт жана жаңы көз караш. Менин оюмча, мазмуну боюнча структураны бир аз өзгөртүү керек. Чет өлкөлөрдүн тажрыйбасын биздин бажы көзөмөлү менен окшоштуктарды көрсөтүүгө болот, биздин экономика үчүн канчалык ылайыктуу экенин баалоо керек. Жалпысынан жумуш жакшы таасир калтырат. Мен толугу менен макулмун жана сунуштайм.

**Жыйналыштын төрагасы:** Бул талкуу аяктады. **Ш.А. Жамаловго** акыркы сөздү берели жана күн тартибиндеги чечимди чыгаралы.

**Ш.А. Жамалов:** Урматтуу төрага! Урматтуу комиссия мүчөлөрү! Менин диссертациялык ишимди талкулоого убакыт бөлүп активдүү катышкандыгыңыздар үчүн ыраазычылыгымды билдирем. Сиздерге терең ыраазычылык билдирем жана баардык катышуучуларга суроолоруңуздар, сунуштарыңыздар жана байкоолоруңуздар үчүн рахмат, алар диссертацияны кайра иштеп чыгууда эске алынаарына кепилдик берем.

**Отурумдун төрагасы**: Урматтуу кесиптештер, жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу темада жазылган жана айтылган сын-пикирлерди жана сунуштарды эске алуу менен коргоого мындан аркы этаптарга өтүү үчүн жетишээрлик негизделген жоболорду камтыйт деп эсептейм. Анда добуш берүүгө өтөбүз.

Сураныч, добуш бериңиздер.

-Ким, Жамалов Шукуралини 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган «Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн уюштуруу — экономикалык механизмин өркүндөтүү» темасындагы кандидаттык диссертациясын коргоо үчүн кийинки этапка сунуш кылууга “Макул”?

Баардыгы “Макул” деп бир добуштан добуш беришти.

-Ким “Каршы”? - Жок.

-“Калыс” болгондор барбы? - Жок.

Урматтуу коноктор жана бөлүмдүн кеңейтилген отурумунун катышуучулары! Добуш берүүнүн жыйынтыгы менен диссертациялык иш боюнча корутундусун кабыл алышыбыз керек.

**Бөлүмдөрдүн кенейтилген отурумунун токтому:**

1. Ш.А. Жамаловдун «Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн уюштуруу — экономикалык механизимин өркүндөтүү» темасындагы диссертациялык иш өз алдынча бүткөрүлгөн илимий-изилдөө иши болуп саналат жана 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистигинин шифрине туура келет.

2. 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн Ш.А. Жамаловдун «Кыргыз Республикасында бажы көзөмөлүн уюштуруу — экономикалык механизимин өркүндөтүү» темасындагы диссертациялык ишин коргоого сунушталсын.

3. 08.00.06 - улуттук жана аймактык экономика адистиги боюнча экономика илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн Жамалов Шукурали Абдикаровичтин диссертациясына кандидаттык экзаменди тапшыруу үчүн атайын дисциплинанын программасы бекитилсин.

**Жыйналыштын төрагасы**
**э.и.д., профессор** **К.А. Атышов**

**Жыйналыштын катчысы** **З.Р. Ризаева**

12.07.2024-ж.